## Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарынын 2022-2023-окуу жылынын бир жылдык отчет-анализи

2022-2023-окуу жылы боюнча мектепте кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда жалпы 32 мугалим эмгектенет.

Жалпы 632 окуучу аяктады, анын ичинен 290 кыз жана 342 эркек бала.

514 окуучудан - 51 отличник, 118 ударник.

Жыл ичинде 13 окуучу келип, 9 окуучу кетти. Даярдоо классына 19 окуучу кабыл алынып. Жыл аягында 19 окуучу аяктады.

**2022-2023- окуу жылынын сентябрь айынан баштап окуу планынын аткарылышы боюнча төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү:**

1-11-класстар жалпы билим берүү мектеби үчүн түзүлгөн базистик окуу планы менен окутулду.

2022-2023- окуу жылына карата түзүлгөн сааттардын эсеби боюнча класстарга бөлүнүп берилген сеткадагы сааттардын бардыгы өтүлдү.

Майрам күндөрүнө туура келип калган сабактар башка иш күндөрүнө түзүлгөн график боюнча кошумча сааттар менен толукталды.

Жыл жыйынтыгында билим сапаты төмөндөгүдөй көрсөкүчтөргө ээ болду.

Жалпы билим сапаты: 33 % Жетишүүсү: 99% СОУ: 49%


**2-4 класстар боюнча:**

| № | Класс | Окуучулардын жалпы саны | Анын ичинен | | | | | Билим сапаты % | Жетишүүсү % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | “5” | “4” | “3” | “2” | баалан баган | | |
| 1 | 2 А | | | | | | | | |
| 2 | 2 Б | | | | | | | | |
| 3 | 3 А | 27 | 6 | 7 | 14 | | | 48% | 100% |
| 4 | 3 Б | 27 | 7 | 8 | 12 | | | 55% | 100% |
| 5 | 3 К | 4 | - | 2 | 2 | | | 50% | 100% |
| 6 | 4 А | 33 | 5 | 12 | 16 | | | 50% | 100% |
| 7 | 4 Б | 29 | 5 | 10 | 14 | | | 51% | 100% |
| 8 | 4 К | 6 | 1 | 1 | 4 | | | 33% | 100% |
| | **Жалпы:** | **126** | **24** | **40** | **62** | | | **51%** | **100%** |

**Ал эми 5-11-класстар боюнча:**

| № | Класс | Окуучулардын жалпы саны | Анын ичинен | | | | | Билим сапаты % | Жетишүүсү % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | “5” | “4” | “3” | “2” | баалан баган | | |
| 1 | 5 А | 33 | 5 | 6 | 22 | | | 33% | 100% |
| 2 | 5 Б | 31 | - | 8 | 23 | | | 25% | 100% |
| 3 | 6 А | 30 | 1 | 8 | 21 | | | 30% | 100% |
| 4 | 6 Б | 32 | 4 | 4 | 21 | 3 | | 25% | 91% |
| 5 | 7 А | 31 | 1 | 8 | 22 | | | 29% | 100% |
| 6 | 7 Б | 33 | 4 | 6 | 23 | | | 30% | 100% |
| 7 | 8 А | 32 | 3 | 5 | 24 | | | 25% | 100% |
| 8 | 8 Б | 34 | 3 | 4 | 25 | 2 | | 21% | 94% |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 9 | 9 А | 29 | 2 | 6 | 21 | | | 28% | 100% |
| 10 | 9 Б | 31 | 1 | 6 | 24 | | | 23% | 100% |
| 11 | 10 А | 21 | 1 | 5 | 15 | | | 28% | 100% |
| 12 | 10 Б | 22 | - | 5 | 17 | | | 23% | 100% |
| 13 | 11 А | 29 | 2 | 7 | 20 | | | 31% | 100% |
| | **Жалпы:** | **388** | **27** | **78** | **278** | **5** | | **27%** | **99%** |




## Жылдык ичинде калтырган күндөрдүн жыйынтыгы

| № | класс | окуучунун жалпы саны | Жалпы чейректе калтырган куну | себептүү | себепсиз | жалпы калтырган сабактары | себептүү | себепсиз | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 1 а | 31 | 5 | 4 | 1 | 25 | 20 | 5 | |
| 2 | 1 б | 32 | 57 | 41 | 16 | 228 | 164 | 64 | |
| 3 | 1 к | 10 | 65 | 35 | 30 | 260 | 140 | 120 | |
| 4 | 2 а | 23 | 69 | 58 | 11 | 345 | 290 | 55 | |
| 5 | 2 б | 22 | 46 | 45 | 1 | 184 | 180 | 4 | |
| 6 | 3 а | 27 | 89 | 70 | 19 | 445 | 350 | 95 | |
| 7 | 3 б | 27 | - | - | - | - | - | - | |
| 8 | 3 к | 4 | - | - | - | - | - | - | |
| 9 | 4 а | 33 | 90 | 66 | 24 | 450 | 330 | 120 | |
| 10 | 4 б | 29 | 63 | 60 | 3 | 315 | 300 | 15 | |
| 11 | 4 к | 6 | 31 | - | 31 | 155 | - | 155 | |
| | **1-4** | **118** | **515** | **379** | **136** | **2575** | **1895** | **816** | |
| 12 | 5 а | 33 | 192 | 114 | 78 | 1152 | 684 | 468 | |
| 13 | 5 б | 31 | 214 | 165 | 49 | 1284 | 990 | 294 | |
| 14 | 6 а | 30 | 734 | 172 | 533 | 4404 | 1032 | 3198 | |
| 15 | 6 б | 32 | 420 | 220 | 200 | 2520 | 1320 | 1200 | |
| 16 | 7 а | 31 | 338 | 116 | 222 | 2028 | 696 | 1332 | |
| 17 | 7 б | 33 | 249 | 128 | 121 | 1743 | 768 | 726 | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 18 | 8 а | 32 | 570 | 281 | 289 | 3420 | 1686 | 1734 | |
| 19 | 8 б | 33 | 643 | 338 | 305 | 3858 | 2028 | 1830 | |
| 20 | 9 а | 29 | 343 | 142 | 201 | 2058 | 852 | 1206 | |
| 21 | 9 б | 31 | 226 | 104 | 110 | 1356 | 624 | 660 | |
| 22 | 10 а | 21 | 180 | 119 | 61 | 1080 | 714 | 336 | |
| 23 | 10 б | 22 | 295 | 180 | 115 | 1770 | 1080 | 690 | |
| 24 | 11 а | 29 | 613 | 253 | 360 | 3678 | 1518 | /2160 | |
| | **5-11** | **514** | **5017** | **2327** | **2644** | **30102** | **13962** | **15864** | |
| **25** | **жалпы** | **632** | **5532** | **2706** | **2780** | **32677** | **15857** | **16680** | |

**1.Кадрлар менен иштөө.**

№11 жалпы орто билим берүү мектебинде 32 мугалим эмгектенет. Анын ичинен 7 мугалим пенсия жашында, 3 жаш мугалим бар. Жыл башында ар бир мугалим менен эмгек келишими түзүлгөн.

Ар бир предмет боюнча мугалимдер толукталган. Предметтер боюнча сааттар туура бөлүнүп берилген. Тажрыйбалуу мугалимдер жаш мугалимдерге насаатын айтып, тажрыйбасы менен бөлүшүп иштешет.

Бишкек шаардык билим берүү графиги жана райононун буйругуна ылайык предметтик мугалимдер жыл сайын өз билимин жогорулатуу курстарына жиберилип турат. Жалпысынан жыл ичинде 5 мугалим КАО курсунан өткөн. Мугалимдер арасында тренингдер, семинарлар өтүлүп, жаны методикалар мугалимдер арасына жайылтылып турат.

Мындан тышкары мугалимдер шаар ичинде өткөн семинарларга, сабак-тренингдерге жиберилип турду. Дене тарбия сабагы боюнча семинарлар өтүлүп, спорттук мелдештерге катышып турушту. Мугалимдер СТЭМ программасы боюнча информатикадан курстан окуп бүтүштү, сертификаттарды алышты. Андан тышкары PISA боюнча семинарлар өтүлдү.

Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип, усулдук жардам көрсөтүлүп турду.

Жыл ичинде мектеп “Электрондук мектеп” долбоору менен иштеп жакшы натыйжаларга жетишти. Ар бир мугалим компьютер, ноутбуктар менен камсыз болушуп, интернет түйүну менен өзүлөрүнө керектүү маалыматтарды алып, сабактарында колдонууга жетишишти.

Ар бир жуманын 1-күнү метод бирикме жетекчилеринин жыйналышы болуп, өткөн жуманын ишине анализ берилип жана кийинки жумага пландар кабыл алынып турду.

Сентябрь айынан бери метод биримелерде жакшы иштер жүргүзүлдү. Семинарда ар бир мугалим ачык сабактарды өтүп, баалоонун түрлөрүн көрсөтүштү.

Мугалимдердин натыйжалуу иштешине мектепте бардык шарттар түзүлгөн. Мектепте класс кабинеттер жабдылган, ар бир усулдук бирикменин мугалимдеринде жөнөкөй принтерлер менен компьютерлер иштейт.
Сабакты көрсөтмөлүү кылып, ТСО менен сабак өтүү үчүн компьютерлер жана 2 интерактивный панель, 5 проектору менен пайдаланууга болот.

Класстар 24 класс комплектиге бөлүнүп, 24 класс жетекчи класстар менен иштейт. 19 класс кабинети жасалгаланып, кабинет жетекчилери класстардын тазалыгына эстетикалык жактан жабдылышына көзөмөл кылат.

Кыргыз класстар боюнча 6 усулдук бирикме иштейт, ар бир бирикмеде жылдык пландар түзулүп, бекитилип, ошого карата жыл ичинде иштер жүргүзулдү.

- “Башат” усулдук бирикмеси (баш кл)
- “Филогог” усулдук бирикмеси
- “ Аалам алкагы” усулдук бирикмеси
- “ Мировоззрение” усулдук бирикмеси
- “Дүйнө жана биз” усулдук бирикмеси
- “Словесник” усулдук бирикмеси

Ар бир метод бирикменин жетекчиси топтордо иш алып барышат. Мугалимдердин кесиптик денгээлин жана өз билимин көтөрүү боюнча мектепте толук шарттар түзүлгөн. Мектеп администрациясы тарабынан атайын усулдук күндөр уюшулган. Усулдук күндөрдө мугалимдер атайын көйгөйлүү проблемалар боюнча тегерек столдорду, сабак-тренингдерди, конференцияларды өтүп турушат.

**2. Окуу процессине анализ**.


2022-2023- окуу жылында окуу процесси мектептин ички көзөмөлүнүн негизинде жүргүзүлдү. Сентябрь айында өткөн окуу жылына анализ берилип, жаңы окуу жылына пландар кабыл алынды. Предметтик мугалимдер толукталып, сааттар бөлүштүрүлдү. Мектепте кыргыз тилинде окутуучу жалпы билим берүү үчүн 2022-2023 окуу жылына карата кабыл алынган базистик окуу планы боюнча план түзүлдү. 2022-2023 окуу жылына карата 1-4-класстар үчүн 24 саат, 5-11-класстар үчүн 27 саат, жалпы сааттар мугалимдерге бөлүштүрүлүп берилди. Сааттарга ылайык расписаниелер түзүлүп, окуу процесси башталды.

Жаны окуу жылында окуучулардын билим денгээлин көтөрүү максатында жаңы милдеттерди кабыл алып, 2022-2023-окуу жылында мугалимдер төмөнкүдөй милдеттердин үстүндө иштешти:

- башталгыч класстарда окуп, түшүнүүсүнүн үстүндө иштөө
- башталгыч класстарда окуучулардын кол жазмасынын үстүндө иштөө
- ар бир сабакта окуучулардын сүйлөө речин өстүрүү
- башталгыч класстан баштап окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүнө көңүл буруу
- окуучулардын кол жазмасына ар бир сабакта көңүл буруу
- жөндөмдүү окуучулар менен жекече иш алып баруу
- райондук, областтык, республикалык олимпиадаларга окуучуларды даярдоо
-11-класстын окуучуларынын билим денгээлин көтөрүү менен ОРТга даярдоо
- математикалык багыттагы предметтерди окутууну колго алуу
- физика, химия сабактарынан лабораториялык иштерди жүргүзүүнү колго алуу
- математикалык теңдемелерди чыгарууну колго алуу
- орус жана чет тилдеринде эркин сүйлөөгө үйрөтүү
- тарых, география, биология сабактарында окуп түшүнүүсүнүнүн жана алган билимдерин практикада колдоно билүүсүнүн үстүндө иштөө
- кол эмгек, көркөм өнөр, музыка сабактарында балдардын чыгармачылыгын арттыруу
- кыргыз тил, адабият сабактарында эне тилин билүүгө өз элинин маданиятын ардактоого үйрөтүү

Жогорудагы милдеттердин үстүндө иштөө менен окуучулардын билим деңгээли чейрек сайын өсүп турду.  2022-2023-окуу жылында 1 жарым жылдык жана 2 жарым жылдыкка карата окуучулардын билим денгээли боюнча өсүү динамикасы.

| класстар | 1-жарым жылдык | 2-жарым жылдык | Динамика |
|---|---|---|---|
| 3-класс | 45% | 52% | +7% |
| 4-класс | 40% | 50% | +10% |
| 5-класс | 34% | 30% | -4% |
| 6-класс | 32% | 29% | -3% |
| 7-класс | 31% | 30% | -1% |
| 8-класс | 21% | 23% | +2% |
| 9-класс | 26% | 25% | -1% |
| 10-класс | 23% | 25% | +2% |
| 11-класс | 24% | 31% | +7% |
| жыйынтыгы | 32% | 34 % | +2% |




Жогорудагы көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгы боюнча алсак, 2022-2023-окуу жылынын 1 жарым жылдыгына караганда 2 жарым жылдыгында 2%ке өсүш болгон. Мунун себеби 2-жарым жылдыкта окуучулардын билим сапаты жогорулаган, сабактар эффективдүү өтүлүп, сабакка болгон кызыгуулары арткан. Окуу жылынын 1-жарым жылдыгында 1%гана өсүш болгон,бул көрсөткүчтүн негизинде ар бир предметтик мугалимге жетишпеген окуучулар менен иштөө жана таланттуу,жөндөмдүү окуучулардын билим денгээлин көтөрүүнүн үстүндө иштөө милдеттендирилген.

Мугалимдин алдына койгон максаттын үстүндө иштөө менен 2-жарым жылдыкта окуучулардын билим денгээли аз да болсо жогорулаган.

Эгерде билим сапаты 2-чейректин жыйынтыгы боюнча 1%ти түзсө. Бул %тик көрсөткүчтү кийинки чейректерде көтөрүүнү милдет катары кабыл алынып, 4-чейректин жыйынтыгы жана жылдык жыйынтык боюнча бул % тик көрсөткүч +2%ке көтөрүлгөн.

Окуу процесси ички көзөмөлдүн негизинде жүргүзүлүп, ай сайын предметтер боюнча сабактардын өтүлүшү текшерилип турду.

Предметтик декадалар, семинар-тренингдер, ачык сабактар, интеллектуалдык марафондор, конкурстар өтүлүп турду.

Жыл ичинде чейрек сайын административдик текшерүү иштер, жат жазуулар, тесттер алыныптурду. Бул срездин жыйынтыгы боюнча ар бир предметтерден 28%тен 38%ке чейинки көрсөткүчтү берген. Сентябрь айынан баштап администрация тарабынан мугалимдердин сабактарына катышып, кемчиликтери жана жетишкендиктери оюнча анализ берилип турду.

Жаш мугалимдерге насаатчы мугалимдер бекитилип, сабак өтүүнүн методдору, сабакка даярдануу, өзүн алып жүрүү ж.б боюнча көрсөтмөлөр берилди. Тажрыйбалуу мугалимдердин тажрыйбаларын жайылтуу үчүн сабак-тренингдер, ачык сабактар өтүлдү. Окуучуларды райондук, областтык, республикалык олимпиадаларга даярдоонун негизинде жыйынтык начар чыккандыгын моюнга алуу керек. Жыл аягында класстан класска көчүрүү экзамендери алынып, окуучулар 100% класстан класска көчүрүлдү.

9-11-класстарда жыйынтыктоо аттестациясы жүргүзүлүп, 9-класстарга күбөлүктөр, 11-класстын окуучуларына аттестаттар тапшырылып, окуу жылы жыйынтыкталды. Быйылкы окуу жылында 11-класстын 20 окуучусу ОРТ тапшырды.

**3. Тарбиялык иштер.**

Тарбия иштери жыл башында белгиленген пландарга ылайык жүргүзүлдү.

Ар бир класс жетекчи менен жана өзүн-өзү башкаруу уюмунун мүчөлөрү менен ар бир айда аткарыла турган иштер талкууланып, бекитилген.

Ар бир ай ичинде ар бир класс жетекчи тарбиялык сааттарды өтүшүп, орчундуу маселелер боюнча иш алып барышты.

Окуучулардын келип-кеткени, сабакка, коомдук иштерге катышуусу, мектеп формасын кийиши такай көзөмөлгө алынып турду.

Мындан тышкары, жалпы ата-энелер чогулушу болуп турду, үч тараптуу келишимдер түзүлүп, бекитилди. Ар бир класста окуучулардын социалдык абалы такталды.

**4. Мектептин ички көзөмөлү боюнча.**

Ички көзөмөлдүн иши жыл башында түзүлүп, кабыл алынып жана бекитилген план боюнча жүргүзүлдү.

Сентябрь айынан баштап мектептеги жалпы документтерге көзөмөл жүргүзүлүп жатты. Окуучулардын келген кеткени такталып, алардын өздук делолору текшерилди, айрым окуучулардын өздүк делолорунда метрикаларынын көчүрмөсү жок экендиги аныкталды. Бул боюнча класс жетекчилерге эскертүү берилип, тез аранын ичинде толуктоо милдеттендирилди. Алфавиттик китеп боюнча окуучулар такталды.

Мугалимдердин календардык пландары жана журналдар толтурулуп, бекитилди. Мугалимдер жана окуучулар медициналык кароодон өткөрүлүп, журналдагы мед. баракчасы толтурулду. Мектептин жалпы планы каралып, кошумчаланып, бекитилди. Окуучулардын билим сапаты, сабактардын берилиш абалы текшерилип, билим сапаты 17%тен 33%ке чейин экендиги аныкталды. Мектеп окуучуларынын күндөлүктөрү текшерилип, күндөлүктөргө баалардын коюлушу, класс жетекчи тарабынан текшерилиши, ата-энелер менен кайтарым байланыш, күндөлүктөрдүн толтурулушу, мектеп үй схемасы каралды. Окуучулардын жазуу иштери текшерилди. Жазуу иштерин текшерүүдө окуучулардын кол жазмалары начар экендиги билинди.

Бул боюнча пед.кеңеште каралып, жазуу иштерин, окуучулардын кол жазмаларын кантип оңдоо керектиги боюнча талкуу жүргүзүлдү.
Мугалимдер тарбынан жазуу иштери убагында текшерилет, текшерүүдө орфографиялык, пунктуациялык каталар көрсөтүлүп турат.

**5. Ата-энелер менен иштөө.**

Мектепте окуучулардын билим сапатынын өсүшүнө ата-энелердин мектеп менен тыгыз байланышта болуусу түздөн түз таасирин тийгизет.
Сентябрь айынан баштап жыл аягына чейин мектеп менен ата-энелердин байланышы тыгыз болуп көп иш чаралар аткарылды.

Сентябрь айында жалпы ата-энелер менен чогулуш өткөрүлүп, мектептин жетишкендиктери жана мектеп кайсы жагынан начар болуп жаткандыгы айтылды.

Окуучулардын формасы, тазалыгы, тартиби жөнүндө сөз болду. Мектепте кыздар жана балдар үчүн бирдей форма кабыл алынып,окуучуларды форма, окуу куралдары менен камсыздоо ата-энелерге милдеттендирилди. Ата-эне, мугалим, окуучу тарабынан үч тараптуу келишимдер түзүлдү.
Мектеп боюнча ата-энелер комитети түзүлүп, мүчөлөрү жана төрайымы шайланды. Кылмыштуулукту алдын алуу максатында тартиби оор, үй-бүлөдө ата-энеси башка жакка иштеп кеткен, томолой жетим балдардын үйлөрүнө рейддерди жүргүзүп, көзөмөл кылып туруу үчүн атайын комитет түзүлдү. Мектеп менен тыгыз байланышта болуу үчүн ата-энелерди катыштырган иш чаралар өтүп турары белгиленди.

Сабакка келбей, сабактан качкан окуучулардын ата-энелери менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү.

Класстарда ар бир чейрек сайын ата-энелер жыйналыштары өтүлүп, окуучулардын сабакта жетишкендиктери, кемчиликпери, тартиби жөнүндө талкуулашты.

**6. Педкеңештин иши жөнүндө.**

Мектепте окуу жылынын башталышынан бери 6 кеңешме өткөрүлдү.
Август айындагы кеңешмеде өткөн окуу жылындагы иштелген иштерге анализ берилип, жаңы окуу жылына милдеттер кабыл алынды.
Өткөн окуу жылындагы жетишкендиктер жана кемчиликтер айтылып, бул жылы кемчиликтерди кетирбөөгө, билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иштөөгө милдеттер кабыл алынды.

Окуу планына ылайык сааттар бөлүштүрүлүп, экспеттик топтун мүчөлөрү бекитилди.

Класс комплектиси бекитилип, класс жетекчилер шайланды.

Ноябрь айында өткөрүлгөн педкеңеште 1-чейректин жыйыныгы, окуучулардын билим сапатынын мониторинги каралды. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча жалпы окуучулардын билим сапаты -1% ке төмөндөп кеткени байкалды. Мунун себеби окуучулар узак убакытка созулган каникулда жүргөндүктөн окуу материалын кайрадан кайталап, окуучуларды кайрадан окууга көнүктүрүү үчүн убакыт талап кылынды. Мугалимдердин мониторинг түзүүдө үстүртөдөн иштегени байкалды. Мониторинг кыска жана так эмес берилген, окуучулардын билими боюнча маалымат берүүдө жалпы түрдө эле айтылып калган. Бул маалыматты цифра жана % менен так берүү зарыл.

Мониторинг түзүп жатканда жакшы окуган жөндөмдүү окуучулар жөнүндө жана начар окуган жетишпеген окуучуларды мүнөздөп, алар менен кандай, эмненин үстүндө иштеп жаткандыгы жөнүндө жазуу зарыл.

Мындан тышкары окуучулардын күндөлүк жазуу иштери, тесттик, дил баян, текшерүү дептерлеринин текшерилиши жана абалы каралды.
Окуучулардын жазуу иштерин текшерүүдө ар бир предмет боюнча текшерүү иш, дил баяндар, тесттик иштер учурунда жазылып, мугалим тарабынан текшерилип, баа коюлат. Көпчүлүк класстарда, айрыкча башталгыч класстарда дептерлердин сыртталышы абдан жакшы.

Ошондой болсо да кемчиликсиз болбой койгон эмес.Айрым учурда мугалим тарабынан үстүртөдөн текшерилген иштер кездешкен, окуучулардын кол жазмасы начар, дептерлерде оңдоо, боеп жазуу көп кездешет, окуучулар замазканы кеңири колдонушат.

Бул кемчиликтер боюнча эскертүү берилип, окуучулардын кол жазмаларын оңдоого тамгаларды элементи менен таза жазууга көнүктүрүү предметтик мугалимдерге милдеттендирилди.
Азыркы мезгилдин талабына ылайык ар бир мугалим компьютердик технологияны жакшы өздөштүрүп билүүсү зарыл экендигине мектептин директору токтолуп өттү.

Январь айындагы педкеңеште 1-жарым жылдыкта аткарылган иштердин жыйынтыгы 2-жарым жылдыкка милдеттер каралды.
2-жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча жалпы окуучулардын билим сапаты 32% көрсөткөн.

Чейрек ичинде административдик текшерүү иштер, жат жазуулар, тесттер алынып турду. Бул срездин жыйынтыгы боюнча ар бир предметтерден 21%тен 37%ке чейинки көрсөткүчтөрдү берген.

Окуучулардын билим сапатынын көрсөткүчү төмөн болгондуктан, кийинки жарым жылдыкта % тик көрсөткүчтү көтөрүү милдет катары коюлду.

Окуучуларды олимпиадага даярдоо, катышуу жана жыйынтыгы боюнча анализ берилди.

Предметтик мугалимдерге эскертүү берилип, кийинки жылы областтык олимпиадага катышуу милдет катары кабыл алынып, мугалимдерге милдеттендирилди.

Март айында өтүлгөн педкеңеште 3-чейректин жыйынтыгын чыгаруу, окуучулардын билим сапатынын мониторинги боюнча жыйынтык чыгарылды. Жыйынтык боюнча окуучулардын билим сапаты 30%ти берген. 3-чейрек боюнча жазуу иштеринен срез алганда окуучулардын баалары көтөрүлүп коюлганы байкалган. Бул боюнча мугалимдерге эскертүү берилди.
Айрыкча башталгыч класстарда билим сапатынын көрсөткүчү өтө жогору. Бул балдар жогорку класстарга барганда баалары төмөндөп, окууга болгон кызыгуулары азайып калары белгилүү.

Ошондуктан окуучунун өзүнүн баасын туура коюлса.

Май айындагы кеңешмеде класстан класска көчүрүү экзамендерин өткөрүүнүн абалы, бүтүрүү класстарында жыйынтыктоо аттестациясы боюнча жобо менен тааныштыруу жана ага киргизүү, 2022-2023-окуу жылында аткарылган окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы жөнүндө айтылды.

Окуучуларды класстан класска көчүрүү боюнча экзамендердин расписаниеси түзүлүп, окуучуларды экзамендерге киргизүү боюнча чечим кабыл алынды.

9-11-класстарында бүтүрүү экзамендеринин жобосу боюнча түшүндүрмө берилди.

Бүтүрүү экзамендеринин расписаниеси бекитилип, экзаменаторлор, ассистенттер дайындалды.

9-11-класстардын окуучуларын экзамендерге киргизүү боюнча маселе каралды.

2022-2023-окуу жылында аткарылган окуу тарбия иштеринин жыйынтыгы боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы билдирүү жасады.

Андан тышкары бүтүрүү класстарында жыйынтыктоо аттестациясы уюштуруу жана өткөрүү, 9-11-классты аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн орто билими жөнүндөгү документтерин берүү салтанатын өткөрүү жөнүндө каралды.

**7. Директор алдындагы кеңешменин иши жөнүндө.**

Директор алдындагы кеңешме ай сайын өткөрүлүп турду.Сентябрь айындагы өткөрүлгөн кеңешмеде 1-4-класстарда тамактанууну уюштуруу каралып, окуучуларга тамактанууну өз убагында таза жана тыкан уюштуруу мектептин ашпозчусуна жана аны көзөмөлдөө тарбия иштери боюнча директордун орун басарына милдеттендирилди.

Ата-энелер менен үч тараптуу келишимдерди түзүп, бекитүү класс жетекчилерге тапшырылды.

Мектептин соцпедагогу окуучулардын социалдык абалын тактап, ар бир класстагы окуучулар жөнүндө билдирүү жасады.

Ар бир предмет боюнча таланттуу, жөндөмдүү балдардын ийримдерин ачуу предметтик мугалимдкрге тапшырылды.

Класстарды жашылдандыруу жана тазалыгын көзөмөлгө алуу класс жетекчилерге жана кабинет жетекчилерине милдеттендирилди.

Мектеп ичиндеги олимпиаданы өткөрүү каралып, райондук олимпиадага катышуу үчүн окуучуларды даярдоо предметтик мугалидерге милдеттендирилди. Мектепте жаңы жылдык “Балаты” майрамын өткөрүү тарбия иштери боюнча директордун орун басарына милдеттендирилди.

9-11-класстардын экзамен берүүчү предметтер боюнча административдик текшерүү жүргүзүүнүн жыйынтыгы каралды.

Май айында жыйынтыктоо аттестациясы жана көчүрүү экзамендери боюнча даярдыктар, расписание түзүү, экзамендерге окуучуларды киргизүү боюнча каралды.

**8. Метод кеңештин иши жөнүндө.**

1. 2022-2023-окуу жылында иштелген иштердин жыйынтыгы, жаңы окуу жылында окутуунун билим сапатын жогорулатуу боюнча маселелер, метод кеңештин мүчөлөрү бекитилди. Мугалимдер 6 метод бирикмеге бөлүнүп, жетекчилери шайланды. Жаш мугалимге насаатчылар бекитилип берилди.

2. Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуу, аларын иш тажрыйбаларын үйрөнү жана балоо

3. Ар бир өтүлгөн сабактардын декадасынын өтүшү, алардын берилиш абалы каралды. Жаш мугалимдерге усулдук жардам катары алардын сабактарына катышуу, сабак өтүү методдор боюнча жардам көрсөтүү.

4. Бүтүрүү класстарында экзамен берүүчү сабактардан жазуу иштерин алуу, окуучулардын экзаменге даярдыктары боюнча талкууланды.

Башталгыч класстарда “СТЕМ” боюнча өтүлгөн семинардын жыйынтыгы каралды. Семинардын өтүшү канааттандыраарлык деп табылды.

5. Метод бирикме жетекчилеринин отчету берилип, кемчиликтер, жетишпей калган иштер боюнча билдирүүлөр жасалып, талкууланды.

Жаны окуу жылына карата милдеттер иштелип чыгып, пландар түзүлдү.

Мектеп - ЖОЖ байланышы дагы уланды. Сентябрдан –май айларына чейин И.Арабаев атындагы КМПУнун 2-4-курсунун студенттери педагогикалык практика өткөрүштү. Практика учурунда сабактарды ар түрдүү окутуунун платформалары менен өтүп жатышты. Университеттин методисттери да катышышып, өз ойлорун айтып турушту.

**“Башат” усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылындагы жылдык ишинин анализи.**


“Башат” усулдук бирикмесинде жалпы 11 класс бар, анын 3-коррекциондук класстар. 2022-2023-окуу жылында төмөнкүдөй иш-чаралар уюштурулду.

Планга ылайык бардык класста окуучулардын окуу ылдамдыктары текшерилип, жат жазуу, текшерүү иштери алдынды, окуучулардын билим сапаты, жетишүүсү бааланды. Бишкек мэриясынын шаардык Билим берүү борборунан келген билим сапатын текшерүүгө жат жазуулар 2,3,4-класстарындын окуучуларынан алынды. 2,3,4-класстарда “Берекелүү куз”, “Ак калпак”, “Күнүм, айым – энекем” деген темада тарбиялык сааттар өтүлдү. 3-4-класстардын окуучулары “Берекелүү куз” , “Ата-Мекенди коргоочулар күнү”, “Өрт коопсуздугу” темалары боюнча сүрөт көргөзмөсүн уюштурушту. “Окуу керемет” долбоору боюнча республикалык “Окуйбуз, изилдейбиз, жаратабыз” аттуу сынакка 4-класстын окуучулары катышып келишти. Предметтик бир айлыктын негизинде мектептеги мугалимдерге “МКТ башталгыч класстардын предметтеринде” аталышында семинар-тренинг өтүштү. Андан тышкары окуу планына ылайык 1-б классында мекен таануу сабагынан “Боз үй”, 3-а классында математика сабагынан “Сумманы санга бөлүү”, 2-а классында адабий окуу сабагында “Байчечекей”, 4-б классында адеп сабагында “Кыргыздын акылдуу кыздары” деген темада көрсөтмөлүү сабактар өтулдү.

4-коррекциондук класста жыйынтыктоочу экзамен алынып, абдан жакшы жыйынтыктарга ээ болушту.

**Жалпы 3-4 класста билим сапатынын жана жетишүүсүнун көрсөткүчтөрү:**

| № | класс | окуучулардын жалпы саны | билим сапаты | жетишүүсү | эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3-А | 29 | 63% | 100% | |
| 2 | 3-Б | 31 | 60% | 100% | |
| 3 | 3-К | 6 | 50% | 100% | |
| 4 | 4-А | 30 | 59% | 100% | |
| 5 | 4-Б | 29 | 66% | 100% | |
| 6 | 4-К | 6 | 52% | 100% | |




Ал эми 1,2-класстардын билими бааланбайт. Бирикмедеги мугалимдер билим сапатын, окуучулардын жетишүүсүн жогорулатуунун үстүндө мындан ары да иштөөнү улантышат. 2022-2023-окуу жылындагы башталгыч класстарынын мугалимдеринин иши “канааттардырарлык” деп бааланат, окуучулардын билим сапаты талаптарга жооп берет, сабактардан “2” деген баа алган окуучулар жок.

## “Филолог” усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылындагы жылдык ишинин анализи.

Бул бирикмеде 9 мугалим эмгектенет. Бирикмедеги мугалимдер окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда кыргыз тили жана адабияты боюнча сабак беришет. Мында билим берүүнүн отличниги -3, жаш адис -2 мугалим бар: Туралиева Б.Э, Нуридин к.Кадича. Жаш адистерге насаатчы мугалимдер Жапанова Б.А, Сатаева Г.А дайындалып, аларга усулдук жардам көрсөтүлдү

Окуу 1- сентябрда башталып,25-майда аяктады.


Окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары Жапанова Б.А, Мамлекеттик тил боюнча завуч Сатаева Г.А тарабынан календарлык-тематикалык план бекитилди, окуу сааттары бөлүштүрүлдү.

Окуу китеби боюнча камсыз болушу көзөмөлгө алынды.
Кыргыз классы:кыргыз тили-96%,адабияты- 94%
Орус классы: кыргыз тили-92% ,адабияты- 89 %


**2022-2023-окуу жылында кыргыз тили жана адабияты боюнча жылдык жыйынтыгы**

Кыргыз классы б-ча : кыргыз тили – 45 % адабияты – 46 %

| Кыргыз тили | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| № | класс | окуучулардын жалпы саны | билим сапаты | жетишүүсү | СОУ |
| 1 | 5 | 64 | 46,8% | 100% | 54,7% |
| 2 | 6 | 62 | 43% | 100% | 55% |
| 3 | 7 | 64 | 50% | 100% | 56,7% |
| 4 | 8 | 66 | 45% | 100% | 54% |
| 5 | 9 | 60 | 41,6% | 100% | 52,4% |
| 6 | 10 | 44 | 45% | 100% | 55% |
| 7 | 11 | 29 | 44,8% | 100% | 52,2% |
| | жалпы | 389 | 45% | 100% | 54,3 % |




| Кыргыз адабияты | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| № | класс | окуучулардын жалпы саны | билим сапаты | жетишүүсү | СОУ |
| 1 | 5 | 64 | 46,8% | 100% | 55,8% |
| 2 | 6 | 62 | 51,6% | 100% | 60,3% |
| 3 | 7 | 64 | 50% | 100% | 55% |
| 4 | 8 | 66 | 42% | 100% | 52,6% |
| 5 | 9 | 60 | 46,6% | 100% | 53,8% |
| 6 | 10 | 44 | 41% | 100% | 54% |
| 7 | 11 | 29 | 44,8% | 100% | 52,2% |
| | жалпы | 389 | 46% | 100% | 55% |




Административдик жазуу иштер убагында аткарылып жатты: жат жазуу, окуу темпи. Жумушчу жана текшерүү, сөздүк дептерлер завучтар жана бирикменин башчысы тарабынан көзөмөлгө алынды. Жаш адистерге дептер текшерүү боюнча сунуштар айтылды.

Даталуу күндөр өткөрүлдү.

| **№** | **Мөөнөтү** | **Иш –чаралар** |
|---|---|---|
| 1 | сентябрь-октябрь | Мамлекеттик тил мыйзамына 33 жыл |
| 2 | ноябрь | Т.Абдымомуновдун 100 жылдыгы |
| 3 | декабрь | Улуттук адабият күнү |
| 4 | декабрь | И.Арабаевдин 140 жылдыгы |
| 5 | февраль | Эне тил күнү (долбоор) |
| 7 | апрель | “Манас”хору |

ЖОЖ-мектеп байланышы дагы уланды. Сентябрдан тартып май айынын жуманын 2-кундөрүндө И.Арабаев атындагы КМПУ нун тилдер жана маданият институтунун 2-курстун студенттери педагогикалык практикага келишти.Адаптациялык практика болгондуктан студенттер методист мугалимдер жана класс жетекчилер менен иштешти. Окуучулар менен да иш алып барышты.

Предметтик бир айлык сентябрь айында болду. Андагы белгиленген иштер Мамлекттик тил күнүнүн 33 жылдыгына арналды.

Эл аралык билимди баалоо PISA -2025ке даярдык катары 6-класстардан окуп түшүнүү көндүмдөрү боюнча текшерүү иштер декабрь жана февраль айларында алынды .

Бул окуу жылындагы окуучулардын ийгиликтери :

| **№** | **Иш-чара** | **Катышкандар** | **Сыйлык** |
|---|---|---|---|
| 2 | “Мен кыргыз жана англис тилинде Манас айта алам” конкурсу | Кудретова Адиля 7б-кл | райондон 1-орун республикалык сынактын катышуучу |
| 3 | “Манас” хору | 5-6-класстын окуучулары | Мектептен |

Кесиптик өздүк билимди өнүктүрүүдө КАОдон Туралиева Б.Э, Нуридин к Кадича, Кошоева Ж.Д, Казыбекова М.М, Жунушова Р.Т окуп келишти. Ошондой эле жыл ичинде ар бир мугалим өздүк билимди өнүктүрүү үстүндө иштешти.

| № | Мугалимдин аты-жөнү | Сыйлыгы |
|---|---|---|
| 1 | Жапанова Б.А | КРнын ЖК тарабынан |
| 2 | Сатаева Г.А | райондук Ыраазычылык кат |

Ар чейрек сайын УБнын чогулушу болуп жатты.Чогулушта предмет боюнча мугалимдер билдирүү беришип,сабакка жетише албаган окуучулар менен жекече иштерди аткарып жатышты.Кийинки жыйналыштарда болуучу иштерди талкуулап ,өз ойлорун билдирип турушту

Ар бир иш чараларга сүрөт көргөзмө, буклеттер, дил баян-эссе, дубал газеталар уюштурулуп жатты.


Райондук жана шаардык семинарларга УБнын мүчөлөрү катышып турушту.

**“Словесник” усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылындагы жылдык ишинин анализи.**

Жыл ичинде бирикмедеги мугалимдер билим сапатын жогоруулатуунун үстукндө иштөөнү улантышты. Ошондой эле насаатчылар жаш адистерге усулдук жактан жардам берүүрү улантылды. Мугалимдердин өз ара сабакка катышуу дептерлери текшерилип, окуу жылдын сонунда илимий-методикалык иштер боюнча директордун орун басарына тапшырылдыю ал дептерлерге мугалимдердин бири-биринин сабагына катышып анализ берүү камтылган. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга карата апрель айында 9,11-класстардын окуучуларына алдын ала даярдык экзамендери өткөрүлүп балдар ЖМА боюнча түшүнүк алышты. Тесттик материалдар менен иштешти. Уулу жеңиштин 78 жылдыгына арналган иш-чаралардын алкагында орус тили жана адабияты мугалимдери Бекбоева Б.Д., Советова А.Б. 5-класстар арасында көркөм окуу конкурсун уюштурушту. Өзгочолонгон жана активдүум катышкан окуучулар мактоо баракчасы менен сыйланышты. Окуу жылдын жыйынтыгын чыгаруу максатында 3-класстан 11-класска чейин окуучулардан жат жазуу иштери, текшерүү иштери зачеттук жуманын алкагында алынды. Жыйынтыктын негизинде Федотова Л.В. жана Байикеева Л.С. жогорку процентик көрсөткүчтөрдү беришти.

**Окууту кыргыз тилинде жүргүзулгөн класстардагы чейректик жыйынтык**

| № | класс | окуучулардын жалпы саны | билим сапаты | жетишүүсү | СОУ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3-А | 27 | 42% | 100% | 56% |
| 2 | 3-Б | 28 | 40% | 100% | 51% |
| 3 | 3-К | 4 | 50% | 100% | 59% |
| 4 | 4-А | 29 | 48% | 100% | 56% |
| 5 | 4-Б | 30 | 50% | 100% | 58% |
| 6 | 4-К | 6 | 50% | 100% | 56% |
| 7 | 5-А | 33 | 70% | 100% | 64% |
| 8 | 5-Б | 32 | 34% | 100% | 50% |
| 9 | 6-А | 31 | 39% | 100% | 51% |
| 10 | 6-Б | 33 | 34% | 100% | 52% |
| 11 | 7-А | 31 | 39% | 100% | 54% |
| 12 | 7-Б | 33 | 36% | 100% | 53% |
| 13 | 8-А | 31 | 81% | 100% | 56% |
| 14 | 8-Б | 34 | 30% | 100% | 54% |
| 15 | 9-А | 33 | 54% | 100% | 58% |
| 16 | 9-Б | 35 | 53% | 100% | 53% |
| 17 | 10-А | 17 | 55% | 100% | 50% |
| 18 | 10-Б | 20 | 56% | 100% | 49% |
| 19 | 11-А | 29 | 61% | 100% | 67% |
| | жалпы | 514 | 59% | 100% | 55% |




3-11-класстардын окуучулары арасында “канааттандырарлык эмес” деген баа алган окуучулар жок. 2022-2023-окуу жылындагы башталгыч класстарынын мугалимдеринин иши “канааттардырарлык” деп бааланат. Мугалимдер билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иштөонү, сабактарда МКТны колдонуу менен бирге эффективдүү методдорду колдонууну улантышат.

**“Вокруг света” усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылындагы жылдык ишинин анализи.**

Аталган бирикмеде 4 мугалим иштейт. Бирикмедеги мугалимдер окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда тарых, адам жана коом, география боюнча сабак беришет. 2 жаш адис жана 2 тажрыйбалуу адис эмгектенет.

Окуу жылынын башталышында, тактап айтканда, август айында предметтер боюнча шаардык август конференциясы өткөрүлүп, маанилүү маселелер, предмет боюнча бир жылдык план берилди, программа каралды. Предметтер боюнча календарлык-тематикалык пландар бекитилип, өздүк билимди өнүктүрүү темалар үстүндө талкуу жүргүзүп, жаш адистерге насаатчылар дайындалды жана биринчи чейректин планы бекитилди.

Окуучулардын окуу китеби боюнча камсыз болушу көзөмөлгө алынды:

Жалпы мектеп боюнча 5-11-класстар арасында тарых-80%, география- 70%, адам жана коом-50% камсыздалган.

Административдик билим сапатын текшерүү 7-11-класстар-тарых, 11-класс-адам жана коом, 6-11-класстар география сабактары боюнча өткөрүлдү, жазуу иштери, отчеттор убагында аткарылып жатты. Жыл ичинде 6,11-класстарда шаардык билим сапатын текшеруу иши болду билим сапаты-40%, отчет ШБББ жеткирилди.

ЖОЖ-мектеп байланышы дагы уланды. Январь –май айларында И.Арабаев атындагы КМПУнун тарых факультетинин 4-курсунун студенттери педагогикалык практика өтушту. Университеттин методисттери да катышышып, өз ойлорун айтып турушту.

Ноябрь айында мектеп ичиндеги олимпиаданын женуучулору райондук олимпиадага 11-класстын окуучусу Бакасов Аян тарыхтан, Нуркулов Элдос географиядан катышышты.

УБнын декадасы март айында болду. Ал, ”МКТны сабактарда колдонуу” темасы боюнча болду. География сабагынан Молдобаев Н.С. “Жаратылыштын адамга жана чарбага тийгизген таасири ” деген темада 6-класстарга ачык сабагын берди, Кубаталы кызы Алтынай “Мамлекеттерге саякат” викторина, Бейшекеева Р.Э “ Мамлекеттик ишмер А.Масалиевге 90 жаш” тарбиялык ачык сабак, Эсентурова А.Ж “Жаш тарыхчы” таймаш- сабактарын көрсөтуштү. Ал эми класстан тышкаркы иш-чаралар өз убагында аткарылып жатты.

Февраль айында география сабагынан жыл сайын өтүлүүчү ИТР боюнча иш чара өттү. Анда, окуучулар тарткан илим жана техниканын жетишкендиктеринин сүрөттөрү илинди.

Март айында Мамлекеттик Туу жөнүндө 9,11-класстар арасына доклад окулду. Анда, Туунун мааниси, максаты, манызы айтылды.


Апрель айында болсо,” А.Масалиевдин 90 жылдыгына” карата маалыматтык доска мектепте жана китепканада, тарых кабинеттеринде бурч уюштурулду.

Май айында 5-май -Конституция күнү жана 9-май- Жениш күнүнө карата слайддар жасалып, шаардык БББга жиберилди.

Ар чейрек сайын УБнын чогулушу болуп жатты. Жаш адистер менен иштешуу планы бир жылга тузулуп, жыл аягында отчеттер берилди. Ошондой эле жаш адистер шаардык семинарларга катышып турушту. УБ нын чогулуштарында предмет боюнча мугалимдер жылдык пландын аткарылышы боюнча билдирүү беришип, сабакка жетише албаган окуучулар менен жекече иштерди аткарып жатышты. Кийинки жыйналыштарда болуучу иштерди талкуулап, өз ойлорун билдирип турушту.

Жыл жыйынтыгы төмөнкүдөй болду. Зачеттор алынып, чейректер чыгарылды. Окуу программасы толук аткарылды.

| **класс** | **предмет** | **билим сапаты** | **жетишүү** | **СОУ** |
|---|---|---|---|---|
| 5-11 | тарых | 54% | 100% | 55% |
| 6-11 | география | 55% | 100% | 54% |
| 5,6,9,10,11 | адам жана коом | 62% | 100% | 65% |




и

**жылдык ишинин анализи.**

2022-2023-окуу жылдын башында  иш планы бекитилип, ар бир мугилимдин жүктөмү белгиленди. Окутуунун жаңы стандарттык окуу планынынын негизинде кээ бир темалар өзгөртүлүп түзүлдү жана  окуу-тарбия иштери боюнча  директордун орун басары Жапанова Б.А. тарабынан календарлык-тематикалык план бекитилди.

“Мировоззрение” усулдук бирикмеде 7 мугалим эмгектенет. Бирикмедеги мугалимдер окутуу кыргыз жана орус тилинде жүргүзүлгөн класстарда англис тили боюнча сабак беришет. 3 класстан баштап 11 класска чейин чет тил сабагы өтүлөт. Чет тил мугалимдери шаарда өткөрүлүп жаткан семинарларга катышышып, сертификаттарды жана  усулдук жардам алып жатыштат.

3, 4, 8, 9, 10, 11 класстарга жумасына 2 жолу, ал эми 5 класска жумасына 4-жолу, 6 класска жумасына 3-жолу, 7 класска жумасына 2-жолу англис тил сабагы өтүлдү.

7-февралдан 7-мартка чейин биздин мектепте англис тили предметтик декадасы өттү. Мугалимдер бир айлык предметтик декадасына жакшы даярданышып, мугалимдерге 13-мартта семинар-тренинг өтүштү.

Декадада аткарылган  пландар:

1. Англис тил жумалыгынын планы түзүлүп, бекитилди.
2. Стенгазета жана сүрөттөрдүн конкурсун  өткөрүлдү
3. Англис тилинде мультфильмдер жана кинолор көрсөтүлдү
4. Дептер жана сөздүк текшерилди
5. Тест жазуу, сүйлөө речи текшерилди
6. «Көркөм окуу» конкурсу өткөрүлдү
7. Видеоролик конкурсу өткөрүлдү
8. Англис тил мугалимдери ачык сабак өттүлдү.

Мектеп методикалык бирикмесинин негизинде декада жыйынтыкталды.

Мектепте 9-11 класстар арасында мектептик олимпиада болуп өттү. Англис тил мугалимдери Молдобекова Ж.Б., Сыдыгалиева Ч.К. жана Сейтбекова Г.Т. окуучуларды райондук олимпиадага даярдашты


График боюнча мугалимдер текшерүү иштерин алышты.

Ноябрь айында мектеп ичинде олимпиада өткөрүлүп, жеңүүчүлөр райондук олимпиадага жолдомо алышты.

Кыргыз  тилинде жүргүзүлгөн класстарда “канаатандырарлык эмес” баа алган окуучулар жок.  Ар чейрек сайын УБнын чогулушу болуп жатты. Жаш адистер менен иштешуу планы бир жылга тузулуп, жыл аягында отчеттер берилди. Ошондой эле жаш адистер шаардык семинарларга катышып турушту. УБ нын чогулуштарында предмет боюнча мугалимдер жылдык пландын аткарылышы боюнча  билдирүү беришип, сабакка жетише албаган окуучулар менен жекече иштерди аткарып жатышты. Кийинки жыйналыштарда болуучу иштерди талкуулап, өз ойлорун билдирип турушту.

**2022-2023 окуу жылындагы жыйынтык баалар.**

| № | Класс | Окуучулардын саны | Билим сапаты % | Жетишүүсү % | СОУ % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 3-А | 27 | 44% | 100% | 56% |
| 2 | 3-Б | 27 | 33% | 100% | 52% |
| 3 | 3-К | 4 | 67% | 100% | 67% |
| 4 | 4-А | 33 | 42% | 100% | 54% |
| 5 | 4-Б | 29 | 52% | 100% | 59% |
| 6 | 4-К | 6 | 50% | 100% | 56% |
| 7 | 5-А | 33 | 51% | 100% | 57% |
| 8 | 5-Б | 31 | 42% | 100% | 52% |
| 9 | 6-А | 30 | 60% | 100% | 12% |
| 10 | 6-Б | 32 | 37% | 100% | 54% |
| 11 | 7-А | 31 | 45% | 100% | 52% |
| 12 | 7-Б | 33 | 33% | 100% | 51% |
| 13 | 8-А | 34 | 31% | 100% | 53% |
| 14 | 8-Б | 34 | 35% | 100% | 51% |
| 15 | 9-А | 29 | 45% | 100% | 53% |
| 16 | 9-Б | 31 | 32% | 100% | 46% |
| 17 | 10-А | 21 | 43% | 100% | 60% |
| 18 | 10-Б | 22 | 54% | 100% | 54% |
| 19 | 11-А | 29 | 38% | 100% | 52% |
| | **Баары** | **513** | **42%** | **100%** | **54%** |




**“Мир и мы” усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылындагы жылдык ишинин анализи.**

Так илимдер бирикмесинде бардыгы жети мугалим эмгектенет. Планда билим сапатын текшерүү иштер, предметтер боюнча сабактарынын өтүлүшү боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.


Жыл ичинде билим  билим сапатын текшерүү иши  9-классынан геометрия сабагынан,  биология сабагынан 8- классынан текшерүү иштери алынды. Жетишүүсү -96 %, билим сапаты 37 % ,98% , 45% көрсөттү. Февраль айында химия 10-класс мугалими Тезекчиева Ч.А, математика 5- классынан Таалайбекова А.Т, физикадан 7-класс Мамбеталиева С. Б, административдик билим сапатын текшерүү иштерин алды,  10 класс жетишүүсү 97 %, билим сапаты 35 %, 9 класс жетишүүсү 98 %, билим сапаты 38 % түзүп жыйынтыктары чыгарылды.

”Илим жана техниканын өнүгүүсү” иш чарасы өтүлдү. Иш чаранын пландары түзүлүп, бекитилди. Пландалган иштер өз учурунда өтүлүп, жыйынтыгы чыгарылды. Предметтер боюнча 29 - мектептеги семинарга Пиза боюнча катышып өзүбүзгө керектүү методикалык маалыматтарды ала алдык. Чейрек ичинде жаш мугалимдер Талантбек уулу Адилет, Таалайбекова А.Т. семинарларга катышып, өздөрүнө керектүү тажрыйбаларды ала алышты. Математик мугалим Асангазиева З.А. “Северо-Кавказ” федералдык университети тарабынан өтүлгөн “ Жаңы технология математикасында” деген темада семинарга катышып, сертификат тапшырылды.

Бирикмедеги ар бир предметтер боюнча жылдын жыйынтыгы төмөндөгүдөй көрсөткүчтөргө ээ болду.


Химия

| № | класс | окуучулардын жалпы саны | билим сапаты | жетишүүсү | СОУ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 8 а,б | 67 | 30% | 100% | 49% |
| 2 | 9 а,б | 62 | 26% | 100% | 48% |
| 3 | 10 а,б | 43 | 30% | 100% | 48% |
| 4 | 11 а | 29 | 34% | 100% | 48% |
| | жалпы | 201 | 31% | 100% | 48% |




Биология

| № | класс | окуучулардын жалпы саны | билим сапаты | жетишүүсү | СОУ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5 а,б | 65 | 50% | 100% | 60% |
| 2 | 6 а,б | 64 | 48% | 100% | 55% |
| 3 | 7 а,б | 67 | 36% | 100% | 54% |
| 4 | 8 а,б | 67 | 35% | 98% | 49% |
| 5 | 9 а,б | 62 | 39% | 100% | 52% |
| 6 | 10 а,б | 43 | 45% | 100% | 51% |
| 7 | 11а | 29 | 37% | 100% | 56% |
| | жалпы | 397 | 36% | 99% | 51% |





**Физика**

| № | класс | окуучулардын жалпы саны | билим сапаты | жетишүүсү | СОУ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 7 а,б | 67 | 29% | 100% | 50% |
| 2 | 8 а,б | 67 | 25% | 98% | 45% |
| 3 | 9 а,б | 62 | 27% | 100% | 48% |
| 4 | 10 а,б | 43 | 29% | 100% | 50% |
| 5 | 11 а | 29 | 34% | 100% | 52% |
| | жалпы | 268 | 31% | 99% | 48% |





## Математика

| № | класс | окуучулардын жалпы саны | билим сапаты | жетишүүсү | СОУ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5 а,б | 65 | 64% | 100% | 62% |
| 2 | 6 а,б | 64 | 60% | 100% | 60% |
| 3 | 7 а,б | 67 | 44% | 100% | 52% |
| 4 | 8 а,б | 67 | 34% | 100% | 49% |
| 5 | 9 а,б | 62 | 33% | 100% | 49% |
| 6 | 10 а,б | 43 | 35% | 100% | 52% |
| 7 | 11а | 29 | 38% | 100% | 49% |
|  | жалпы | 397 | 45% | 100% | 51% |



**Информатика**

| № | класс | окуучулардын жалпы саны | билим сапаты | жетишүүсү | СОУ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5 а,б | 65 | 71% | 100% | 62% |
| 2 | 6 а,б | 64 | 67% | 100% | 60% |
| 3 | 7 а,б | 67 | 50% | 100% | 52% |
| 4 | 8 а,б | 67 | 53% | 100% | 55% |
| 5 | 9 а,б | 62 | 41% | 100% | 51% |
| | жалпы | 325 | 53% | 100% | 55% |




Жаш адис Таалайбекова А га насаатчылык мугалим Асангазиева Зээнбүбү менен тыгыз байланышып, педагогикалык ишмердүүлүгүн көрсөтүп жатышат. Шаарда өтүлүүчү предметтик семинарга мугалимдер катышуу менен өздөрүнө тажрыйба топтоодо. Ар бир предметтик мугалим методикалык теманын үстүндө төмөндөгүдөй иштерди жүргүзүштү. Окуучулардын билим деңгээли иш чарада өтүлгөн көрсөтмөлүү сабактарга активдүү катышуусунда байкалды. Берилген суроолого так жооп берүү менен өз ойлорун эркин айтып бере алышты. Өтүлгөн сабактарга кошумча маалыматтарды берүү менен окуучуларга жеткиликтүү сабактарды берүүнүн үстүндө иш алып барышты. Окуучулардын сабактарга болгон кызыгуусун арттыруу үчүн тапшырмалар тест, тесттик оюндар, суроо жооп ирээтинде берилүү менен сабактар өтүлдү.

Жылдын аягында текшерүү иштери жана зачеттук иштер алынды. Алган билимдери чейректик баалар менен жыйынтыкталды. Жетишпеген окуучуларга каникул учурунда байланышып, кошумча тапшырмалар берилип турду. Жогорудагы жүргүзүлгөн иштер ар бир предметтик мугалимдердин методикалык темаларынын үстүндө иштегендигин көрсөтүп турду. Ар бир мугалим өзүнүн ишине жоопкерчилик менен мамиле жасап, окуучулардын билим деңгээлин жогорулатуунун үстүндө иш алып барышууда.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн класстарда 2022-2023-окуу жылында 9-классты - 61 окуучу, 11-классты – 29 окуучу аяктады.

2023-жылдын 25-майындагы №8 педсоветтин чечими менен 3-10 класстар кийинки класска көчүрүлдү.

ЖЖА нын жыйынтыгы чыгарылды. (таблица тиркелет)

Кийинки окуу жылына карата төмөндөгүдөй максаттар коюлду.

- Окуучулардын билим сапатын жакшыртуунун үстүндө иштөө
- Мугалимдердин билимин өстүрүүгө шарт түзүү
- Жаңы технологияларды колдонуга аракет кылуу
- Окуучулардын кызыгуусун арттрау, доолборлорго катышуу

Окуу бөлүм башчысы: Жапанова Б.А